**Кызматташуу жөнүндө**

АС/2025-132 **КЕЛИШИМ**

**2025-ж. « 17 » апрель** **Бишкек ш.**

Мындан ары "Тараптар" деп аталган Уставдын негизинде аракеттенген М.К.Чыныбаев өкүлү болуп саналган И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Кесиптик орто билим берүү колледжи (Н.Исанов атындагы кампусу) (мындан ары – Колледж) бир тараптан жана Жобонун негизинде аракеттенген К.С.Баетов өкүлү болуп саналган "Бишкек автобекети" муниципалдык ишканасынын филиалы (мындан ары – Автобекет) экинчи тараптан, төмөнкүлөр жөнүндө ушул келишимди түздү:

## 1. Келишимдин предмети

Даярдоо багыттары (адистиктер) боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарына, Колледждин окуу пландарына жана окуу процессине ылайык, Колледждин студенттеринин практикадан өтүүсүн уюштурууга багытталган тараптардын өз ара аракеттешүүсү ушул келишимдин предмети болуп эсептелет.

## 2. Департаменттин милдеттери

2.1. Даярдоо багыттарына (адистигине) ылайык студенттердин практикадан өтүүсү үчүн орун-жай берүү.

2.2. Студенттердин практиканын программасын аткаруусу үчүн керектүү шарттарды түзүү.

2.3. Студент-практиканттарга практиканын программасын ийгиликтүү өздөштүрүүсү жана жеке тапшырмаларды аткаруусу үчүн усулдук адабиятты, керектүү техникалык каражаттарды пайдаланууга мүмкүнчүлүк берүү.

2.4. Студенттерди автобекеттин ички эмгек тартибинин эрежелери менен тааныштыруу.

2.5. Киришүү иретинде жана иш ордунда эмгекти коргоо боюнча милдеттүү түрдө нускоо (инструктаж) өткөрүү, студент-практиканттарга эмгек коопсуздугунун техникасы, өрт коопсуздугу боюнча колдонуудагы эрежелер жана ченемдер тууралуу нускоо өткөрүү.

## 3. Колледж төмөнкүлөргө милдеттенет:

3.1. Студенттерди Автобекетке практика өтүү үчүн төмөнкү багыттарга ылайык жөнөтүү:

а) Транспортто ташууларды уюштуруу жана башкаруу (аба транспортунан башка транспорттун түрлөрү боюнча);

б) Компьютердик системаларда программалоо;

в) Колдонмо информатика;

г) Экономика жана бухгалтердик эсеп.

3.2. Практикадан өтүү мезгилинде практиканын жана жеке тапшырмалардын программасын түзүү жана макулдашуу.

3.3. Студенттер практикадан өтүүчү жерге барардын алдында коопсуздук техникасы боюнча нускоо (инструктаж) өткөрүү.

3.4. Студент-практиканттарды практикадан өтүү тартиби менен тааныштыруу.

3.5. Колледждин практиканын жетекчиси катары тиешелүү багыттар боюнча кыйла квалификациялуу окутуучуларды дайындоо.

3.6. Практиканын мөөнөттөрүн жана мазмунун сактоого контролду жүзөгө ашыруу.

3.7. Автобекеттин талаптары жөнүндө маалымат түзүү жана аны Колледждин студенттерине жана бүтүрүүчүлөрүнө кабарландыруу.

## 4. Тараптардын жоопкерчилиги

4.1. Тараптар студенттердин практикадан өтүүсүн уюштуруу жана өткөрүү боюнча өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерин аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.
4.2. Ушул келишим боюнча Тараптардын ортосунда келип чыгуучу бардык талаштар сүйлөшүү жолу менен чечилет. Пикир келишпестиктерди сүйлөшүү жолу менен чечүүгө мүмкүн болбогон учурда талаштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилет.

## 5. Кошумча шарттар

5.1. Ушул Келишимди натыйжалуу ишке ашыруу максатында Тараптар өз ара макулдашуу боюнча кызматташуунун башка түрлөрүн жүзөгө ашырууга укуктуу.
5.2. Ар бир Тарап Тараптардын милдеттенмелерине ылайык, тең укуктарга жана милдеттерге ээ болот.
5.3. Бул Келишим боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор Тараптардын бири Тараптан экинчи тарап менен өз ара макулдашуу негизинде киргизилиши мүмкүн жана эки тарап кошумча макулдашууга кол койгондон кийин кабыл алынды деп эсептелип, ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү деп саналат.
5.4. Келишим укуктук жактан бирдей күчкө ээ болгон 2 нускада мамлекеттик тилде түзүлдү.

## 6. Корутунду жобо

6.1. Ушул Келишим Тараптар кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет.
6.2. Келишимди колдонуу мөөнөтү: Келишим мөөнөтсүз болуп саналат.

## 7. Тараптардын юридикалык даректери

| | |
|---|---|
| «Бишкек автобекети» муниципалдык ишканасынын филиалы | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| **Юридикалык дареги:** Бишкек ш., Жибек-Жолу пр., 263 | **Юридикалык дареги:** 720044, Бишкек ш., Ч.Айтматов пр., 66 |
| **Тел.:** +996 (312) 482004 | **Тел.:** +996 (312) 545125 |
| | **Факс:** +996 (312) 545162 |
| | **e-mail:** rector@kstu.kg |
| **Директор:** Баетов Канат Саназарович | **Ректор:** Чыныбаев Мирлан Койчубекович |
| ______________ колу м.о. | ______________ колу м.о. |